*УДК: 378. 147*

**Амиракулова Б.Ж., окутуучу, ОшМУ**

# “Сабырдынтүбү – сары алтын” темасын кураторлук-тарбиялык саатта өтүүнүн ыкмалары

*Берилген макалада жаштарыбызды сабырдуу, чыдамдуу болууга тарбиялоонун ыкмалары берилди.*

***Ачкыч сөздөр:*** *сабырдуулук, туруктуулук,кичи пейилдүүлүк, акылдуулук, өзүн башкара билүүчүлүк.*

*В этой статье даны методы воспитания молодёжи к терпеливостии выносливости.*

***Ключевые слова:****выносливость, настойчивость, вежливость, интеллигентность, самостоятельность.*

**“Сабырдуу болгула, Кудай тааламдын**
**эң жакшы көргөн пендеси, бул – сабырдуусу ”**
***(Мухаммед пайгамбар)***

Азыркы мезгилде жаштарыбыздын негедир ачуусу аябай тез келет, мүнөздөрү чукул, бир сөз айтсаң жетпейт, эки ооз сөз айтсаң ашыкча болуп оор келет. Себеби эмнеде? Эмне үчүн? Эмнеге? деген суроолорду берип, туура жооп таба албай келебиз. Заманыбыз оңолуп, өнүгүп-өсүп, жетишкендигибиз үчүнбү? Каалаган заманбап кийимдерин кийишип, жактырган тамактарын жегендиги үчүнбү? Кааласа компьютер, кааласа кымбат баалуу телефондор, интернет, ноутбуктар, планшеттер бардык шарттар бар үчүнбү? Дегеле койчу, жүздөгөн сууроолорду берип, миң толгонуп бир да жооп таба албай бушайман болосуң. Көрсө, биз жаштарыбызды, уул-кыздарыбызды даяр оокатка үйрөтүп, эмгек кылууга, мээнет менен оокат табууга, жок болсо чыдамдуу, сабырдуу болууга үйрөтө албаганыбыз жан кейитет.

Кайгы-капа, кээ бир иштерге тутalануу, кейип-кепчүүнүн акыры ачууга алдырууга, өзүн токтото албай кетүүчүлүккө алып келет. Арийне, “Бир колуңдун ачуусун бир колуң менен бас” – дегендей көпчүлүк адамдар кайрадан өзүн колго алып, сезимдерин башкара алууга жөндөмдүү. Ал эми айрым адамдар “Мен төрөлгөндөн эле ушундаймын”, “Мени ушундай жаратып койсо эмне кылайын” – дегендей пикирлерде жүрүшөт.

Мухаммед пайгамбарыбыз үмөттөрүнө калтырган осуяттарынын биринде “Сабырдуу болгула, Кудай тааламдын эң жакшы көргөн пендеси, бул – сабырдуусу” – деп сабакка чакырып кеткен. Анын сыңарындай сабырдуу болсоң, көп нерсени жеңесиң. Натыйжада, ийгиликке жетишип, кашыгың да, чөмүчүң да майга толуп, бактылуу болосуң. “Ашыккан калар уятка, сабырдуу жетет муратка”. “Шашкан шайтандын иши” – деп, шашылып бүтүргөн иш орундуу болбой, чала болуп калат. Ошондуктан ар бир ишти баштаганда ашыкпоо керек. Анткени уят болуп калышың эч кеп эмес. Ошондой эле кандай иш болбосун сабыр кылып, жети өлчөп, бир кессең, ой-максатың орундалат [4;157].

Сулайман пайгамбар да минтип айткан экен: “Ачуусу чукулдук – акылсыздыктын белгиси”, же “Сабырдуу болуу – ачууну басат, кечиримдүү болуу – адамдын кадырына кадыр кошот”. Демек, адамдын өзүн-өзү кармай билүүсү, айланадагыларга астейдил мамиле жасоо, бул – башкы талаптардын бири.

Ачууну акыл жеңет, акылга салып иш кылсаң, ачууну да жеңесиң. Ачууга алдыруу, чорт кыял, бетке чапма мүнөз бул адамдын кулк мүнөзүндөгү терс сапат эле эмес, дегеле мындай адамдын акыл-эси да тайкы болорун тастыктап турат. Бул жагдайга байланыштуу кыргыз элинде: “Ачуу – душман, акыл – дос, акылыңа акыл кош” – деген таамай сөз айтылат. Себеби эч бир ишти ач кыйкырык, куу сүрөөн менен майнаптуу, үзүрлүү бүтүрүү мүмкүн эмес. Тескерисинче, токтоолук менен, акылга салып иш кылуу, өзүн-өзү кармана билүү гана ар бир иштин ийгилигине дайыма өбөлгө экендиги талашсыз [2;39].

“Эки адам урушса, алардын акылдуусу жеңилет” дешет, ошол сыңары ачуулуу, урушчаак адамдарды көпчүлүк жактыра бербейт, тескерисинче, жек көрүшөт. Силер да мына ушундай сапаттан алыс болгула. Сабырдуулук мындай сапаттарды жок кылууга өз таасирин тийгизет. Элибиз “Сабырдын түбү – сары алтын” деп бекеринен айткан эмес.

Адам канчалык ачуусу келбесин, өзүн токтото билүү керек. Ошондо ал өзүнүн мыкты адам экендигин айгинелейт. Бул ойду төмөндөгү “Мыктар” деген текстти талдоо менен бекемдөөгө болот.

**Сабактын жүрүшү:**

**Муз жаргыч:** Сабакта муз жаргыч катары слайд пайдаланылат.

**Чакыруу этабы**: *Слайд аркылуу “Мыктар” деген текстеги каармандар, сүрөттөр, жерлер көрсөтүлөт. Студенттер чыгарма жөнүндө маалымат алышат жана ошондой эле студенттерге текст таратылып, тыным менен окушат.*

***Колдонулган ыкма: кабарлашып, башкарып окуу***

Адегенде, жекеден студенттерге тынымга бөлүпокуу үчүн текст таркатылат. Студент тексттин 1-бөлүгүн окуп, ал жөнүндө ой жүгүртөт. Таркатылган текст 3 тыным менен окутулат, студенттер жеке, жуп жана топторго бөлүнүп иштешет.

**Түшүнүү этабы:**

*Биринчи тынымды окууга көрсөтмө берилет. Текстеги түшүнбөгөн сөздөрдү доскадагы ватманга жазышат. Ал сөздөр боюнча сабактын аягында тапшырма берилет.*

***I тыным***

Коркунучтуу мүнөздүү бир бала жашаптыр. Ага атасы бир кап мыкберип: “Качан сабырдуулугуң жоголуп, бирөө менен урушкуң келген сайын, бактын тосмосуна барып бирден мыкты кагасың” – деди. Биринчи күнү бала отуз жети мык какты. Кийинки жума ичинде ал өзүн кармоого аракеттенди жана кагылган мыктардын саны күнөткөн сайын азая баштады. Көрсө, мык какканга караганда өзүн кармаган жеңилирээк экен…

***Коркунучтуу мүнөздүү*** *– мүнөзү орой, копол, тез ачуулу адам.*

***сабырдуулугуң жоготуп*** *– чыдамы жок, жини тез келген адам.*

***бактын тосмосуна*** *– бакта айланта кагылган жыгачтар.*

***өзүн кармоого аракеттенди*** *– сабырдуу, чыдамкай болууга аракеттенген адам*

***өзүн кармаган жеңилирээк экен…*** *– өзүн башкара алуу оңой экен…*

**Ой жүгүртүү этабы:**

***Тапшырма:*** *Текстти окугандан кийин эмне жөнүндө ойлондуң? Өз оюңду оозеки же жазуу түрүндө айтып бер.*

***Тапшырма:*** *Төмөнкү суроолорго жооп бер:*

1. *Мүнөзү коркунучтуу адамдар кандай болот, алар жөнүндө билсең айтып бер?*
2. *Балага “короонун тосмосуна мыкты кагасың” – деген тапшырманы эмне үчүн берди деп ойлойсуң?*
3. *Эмне үчүн бала мык какканга караганда өзүн кармаган жеңилирээк деген тыянакка келди?*
4. *Тексттинуландысыкандайболушумүмкүн?*

*Окуяны ар бир студент өзүулантыпжазат.*

- Өзалдынчадептерлерине жазышат;
- Жуптаталкуулашат;
- Топтоталкуулашат.

*(Тексттегитүшүнүксүзсөздөрдүдоскадагыватмангажазыптурушат.)*

**Түшүнүү этабы:**

*II тынымды окууга көрсөтмө берилет. Текст окулуп бүткөндөн кийин, кимдин оюдал келгендиги жөнүндө талкуу болот.*

***IIтыным***

Акыры бала бактынтосмосунабир да мыккакпаганкүн да келди. Ошондо бала атасынабарып, булжөнүндөайтты. А атасыболсо, «эмисабырдуулугуңдужоготконкүндөрүбарып, ошолмыктардыбирденсуурупчыккын» деди.

Күнартынанкүндөрөтүп, бала атасына «баарынсуурупбүттүм» деген да күнкелди. Атасыбаласынтосмогоалыпкелипмындайдеди:

***Сабырдуулугуңдужоготконкүндөрү***– *ачууланган, чыдамыкеткенкүндөрү*

***Күнартынанкүндөрөтүп*** *– бир топ убакыт, мезгилөткөндүгү*

**Ой жүгүртүү этабы:**

**Суроолорберилет.**

1. *Тапшырманыаткаруумененбаланынмүнөзүндөөзгөрүүболобу, эмнеүчүн?*
2. *Атасыбаласынаэмнедеди?*
3. *Эмнеүчүнкагылганмыктарды бала сабырдууболгонучурдасууурууну тапшырбады?*
4. *Тексттинуландысыкандайболушумүмкүн?*

*Окуяныандан ары уланат.*

а) Өзалдынчадептерлерине жазышат;

б) Жуптаталкуулашат;

в) Топтоталкуулашат.

*(Тексттегитүшүнүксүзсөздөрдүдоскадагыватмангажазышат)*

**Түшүнүүэтабы:**

*Штынымдыокуугакөрсөтмөберилет. Текст окулупбүткөндөнкийин, кимдиною далкелгендигижөнүндөталкуу болот. Түшүнүксүз сөздөр кезиксе, аларды доскадагы ватманга жазышат.*

***III тыным***

«Балам, сен өзүңдү жакшы алып жүрдүң, бирок бул тосмолордогу тешикчелерди көрдүңбү? Эми алар эч качан мурдагыдай болбойт. Сен кимдир бирөө менен чырдашып, анын көңүлүн ооруткан сөз айтканыңда, сен ага ушундай жаракат алып келесиң. Сен адамга бычак сайып, сууруп алсаң, бары бир анда жараат калат…. Сен канча ирет кечирим сураганың менен, жараат баарыбир калат. Дене жарасы канча оору алып келсе, көңүл жарасы да ошончо болот. Достук, бул – чанда кездешүүчү кымбат нерсе, ал сага жылмаюу менен кубанычты алып келет» *(Ольга Безмирной)*[1;22].

***Тосмолордогу тешикчелер*** *– жыгачтарга кагылган мыктардын орду*

***Кимдир бирөө менен чырдашып*** *– кимдир бирөө менен урушуп кетүү*

***Жаракат алып келесиң*** *– көңүлүн оорутасың, капа кыласың деген мааниде*

***Жараат баарыбир калат*** *– айыгат, бирок орду калат, кечирилет бирок унутулбайт деген мааниде.*

***Көңүлжарасы*** *– өмүрбоюэсте калат*

***Чандакездешүүчү***– *сейрек, кээде, анда-сандакездешүүчү*

**Ойжүгүртүү этабы:**

**Суроолорберилет.**

1. *Эмнеүчүнкагылганмыктарды бала сабырдууболгонучурдасууурууну тапшырбады?*
2. *Аңгеменинжыйынтыгытурадепойлойсуңбу, эмнеүчүн? Жообуңу фактылармененбекемдөөгөаракеттен.*
3. *Аңгемебулокуямененбизгеэмнениүйрөтөалды?*
4. *Автор булокуямененбизгеэмнедегисикелиптурат?*
5. *Ушугамисал, ушугаокшошкандайокуялардыбилесиңер?*

**Тапшырма:**

а) доскагажазылгансөздөрдүнмаанисинтаапкелүү.

б) чыгарманы окуп келүүжанасөзберметтеринтабуу

в) коркунучтуумүнөздүүбаланынсүрөтүнтартыпкелүү

Окугандарын бирден ыраaты менен бири-бирине айтып түшүндүрүшөт. Ар бир тыным боюнча өздөрүнүн ой пикирлерин айтышат, талкуулашат жана окуянын уландысын табууга аракет жасашат. Натыйжада студенттердин арасында чыгармачылык күчөйт, активдүүлүк дагы да көтөрүлөт. Студенттердин ошол предметке болгон кызыгуусу артат.

Коллективдин (тайпанын) ынтымагы дагы да ширелет. Бири-бирин сыйлашуу, урматташуу жогорулайт. Лидерлик жоюлат. Натыйжанын сапаты артат. Сынчыл ойлоосу өнүгөт. Башкалардын пикирин угуп, өз оюнан жыйынтык чыгарганга үйрөнөт. Студенттердин мүнөзү гумандуулук жагына өзгөрөт. Тартип маселесиндеги кыйынчылыктар чечилет. Алган билимдерине канааттануу пайда болуп, толкундануу сезимдери күчөйт. Аз убакыттын ичинде көп көлөмдөгү жана терең билим алууга жетишет [5;110].

Жыйынтыгында, **с**абыр бакыттаалайдын эшигин ачат демекчи, сабыр жөнүндө көптөгөн тарбияга үндөгөн сөздөр, макалдар жана ырлар көп. Сабырдуу болуш үчүн ачуусун жеңип, оор басырыктуу, чыдамдуу болуш керек. “Ачуу – душман, акыл – дос” демекчи, айрым адамдар жини келгенде акылы качып, ачуусун көтөрө албай, өзүн да карма албай, эмне сөз сүйлөп жатканын да билишпей калышат. Жаалдуу адамдын душманы көбөйүп, сүйлөшүүдөн качып турушат. Ошондуктан ачууну сабырдуулук менен кетирүү керек. Ыксыз ачууланую адамга жакшылык алып келбейт.

**Адабияттар**


1. Абдувалиева Б., Жороев Т., Кыргыз тили 9-класс., – Бишкек., 2012.
2. Акматов К. “Класс жетекчинин тарбиялык иштери” Усулдук колдонмо. – Ош: 2009. 96-б.
3. Женни Стил, Керт Мередис, Чарльз Темпл. Сынчыл ойломду өстүрө турган андан аркы стратегиялар. Колдонмо 4. – Бишкек: 1999.
4. Исаков Б. Санат сөз 1-бөлүк. – Бишкек: 2002.
5. Үкүева Б.К. Жогорку окуу жайларында студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатууда окутуунун жаңы технологияларын колдонуунун илимий-педагогикалык негиздери. – Ош., 2012.



**OSHGU B.J. AMIRAKULOVA 2015-4, teacher, , FJC**


## “Endurance is a superior virtue” teaching methods of education of youths at the curator lesson”


*In this article methods of education of youths to patient and endurance are given.*



***Key words:*** *Endurance, persistence, politeness, intelligent, independence.*